**«Жалпы ишмердик боюнча» 2015-жылдын 13-апрели №36**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы «Кыргыз Республикасынын антикоррупциялык саясатынын Мамлекеттик стратегиясы жана коррупцияга каршы туруу боюнча чаралар жөнүндө» № 26 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» №153 Мыйзамын аткарууну уюштуруу жана коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында

**буйрук кылам:**

1. Тиркелген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондусунун 2015-жылга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларынын планы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондусунун (мындан ары – Фонд) башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн начальниктерине:

1) Мамлекеттик материалдык резервдер фондусунун 2015-жылга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларынын планында каралган иш-чараларды аткаруу камсыз кылынсын.

2) Кийинки отчёттук мезгил үчүн, ар квартал сайын айдын 10нан кечиктирилбестен иш-чаралардын Планын аткаруу жөнүндө маалыматты экономика, координация жана тышкы байланыштар бөлүмүнө жыйынтыктоо жана Кыргыз Республикасынын экономика министрлигине жөнөтүү үчүн беришсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо төраганын орун басары Р.Каракуловго жүктөлсүн.

Фонддун төрагасы Ш.И.Абдылдаев